# ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ЖАЛПЫ ФИЗИКА КАФЕДРАСЫ

# Теориялык физика кафедрасы

Теориялык физика кафедрасы 1951-жылы гидродинамика тармагындагы ири окумуштуу, физика-математика илимдеринин доктору, техника илимдеринин доктору, профессор Ф. И. Франклдын демилгеси менен уюштурулган. Кафедранын негизинде газ динамикасы боюнча Кыргызстанда илимий мектеп түптөлгөн.



Ф. И. Франкль

Профессор Ф. И. Франклдын жетекчилиги астында газдардын үндүн ылдамдыгына жакын жана андан жогорку ылдамдыктардагы агымдары боюнча, классикалык гидродинамика жана релятивисттик механика багыттары боюнча бир катар теориялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Анын жетекчилиги астында төмөнкү окумуштуулар кандидаттык диссертацияларын ийгиликтүү коргошкон: Р. У. Усубакунов, К. Ч. Чаадаева, З. Ф. Ефимов, Т. А. Айтмурзаев, И. Б. Бийбосунов, А. А. Арынов, Э. Д. Дүйшеев, Ч. Ж. Жаныбеков, Э. К. Керимгазиев жана башка көптөгөн окумуштуулар. Натыйжада, Кыргыз Республикасында газ динамикасы жана жалпы салыштырмалуулук теориясы боюнча теоретиктердин илимий тобу калыптанган.




**Айтмурзаев Ташмурза Айтмурзаевич** (1932–2013) - 1952-жылдын бүтүрүүчүсү. Физика-математика илимдеринин кандидаты (1958), профессор (2001). Кыргыз мамлекеттик университетинин Теориялык физика кафедрасынын аспирантурасын аяктаган (1953–1957). Профессор Феликс Исидорович Франклдын окучуусу. Физика факультетин уюштуруучулардын жана негиздөөчүлөрдүн бири.

Кыргыз мамлекеттик университетинде окутуучу, ага окутуучу, доцент, Теориялык физика кафедрасынын башчысы (1957–1960), Физика-математика факультетинин деканы (1960–1965) жана Физика факультетинин деканы (1978–1988) болуп эмгектенген. Ошондой эле Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун ректору (1965–1967), Кыргыз ССР Эл агартуу министрлигинин Жогорку окуу жайлар башкармалыгынын башчысы (1967–1968) жана Фрунзе политехникалык институтунун проректору (1968–1977) кызматтарын аркалаган.

Илим жана техника тармагындагы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (2004). 70тен ашык илимий эмгектин, анын ичинде 2 окуу китебинин жана 5 окуу-усулдук куралдын автору.




**Арынов Асанбай Арынович** (1930–1983) - 1956-жылдын бүтүрүүчүсү. Физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент. Кыргыз мамлекеттик университетинин Теориялык физика кафедрасынын аспирантурасын аяктаган (1956–1959). Физика факультетин уюштуруучулардын жана негиздөөчүлөрдүн бири.

Кыргыз мамлекеттик университетинде ага окутуучу, доцент (1959–1962), Теориялык физика кафедрасынын башчысы (1962–1974) болуп иштеген жана 1983-жылга чейин ушул эле кафедранын доценти болуп эмгектенген.

Теориялык физика, газ жана гидродинамика тармагындагы көрүнүктүү окумуштуу. Профессор Ф. И. Франклдын жетекчилиги астында фотондук ракетанын эсебин жүргүзгөн. Ошондой эле ал пневматикалык изоляцияны колдонуунун негизинде курулуштардын термелүүсүнүн басылуу мезгилинин жана жер титирөөнүн сокку күчүнүн көз карандылыгын тапкан.

50дөн ашык илимий эмгектин жана 5 окуу-усулдук куралдын автору.



А.Жайнаков
Кыргыз Республикасынын Эл мугалими

**Жайнаков Аманбек Жайнакович** (1941–2022) - 1963-жылдын бүтүрүүчүсү. Физика-математика илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык информациялаштыруу академиясынын академиги (1996), КР Улуттук илимдер академиясынын академиги (2000), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ардактуу профессору (2011). Кыргыз Республикасынын Физика коомунун төрагасы. Кыргыз мамлекеттик университетинин Теориялык физика кафедрасынын аспирантурасын аяктаган (1966–1969).

Кыргыз мамлекеттик университетинде окутуучу (1963–1966), ага окутуучу, доцент жана Теориялык физика кафедрасынын башчысы (1974–1976) болуп эмгектенген.

Илим жана техника тармагындагы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1992). III даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган (2006). Президенттин Жарлыгы менен А. Жайнаковго **«Кыргыз Республикасынын Эл мугалими»** деген жогорку наам берилген.

300дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинде 9 монографиянын, 9дан ашык окуу китебинин жана окуу куралдарынын автору. Анын жетекчилиги астында 5 доктордук жана 13 кандидаттык диссертация корголгон.



Ө. Шаршекеев
Кыргыз Республикасынын Эл мугалими

**Шаршекеев Өзгөрүш Шаршекеевич** (1935–2016) - 1959-жылдын бүтүрүүчүсү. Физика-математика илимдеринин доктору (1984), профессор (1986), КР Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти (2000). М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин Теориялык физика кафедрасынын аспирантурасын аяктаган (1963–1966).

Математикалык анализ кафедрасынын окутуучусу (1959–1963), Кыргыз мамлекеттик университетинин Теориялык физика кафедрасында ага окутуучу, доцент (1966–1979) жана ушул эле кафедранын башчысы (1979–1997) болуп эмгектенген.

Кыргыз Республикасынын Илимге эмгек сиңирген ишмери (1993). Илим жана техника тармагындагы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (2002). Президенттин Жарлыгы менен Ө. Шаршекеевге **«Кыргыз Республикасынын Эл мугалими»** деген жогорку наам берилген.

100дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинде 3 монографиянын, 9дан ашык окуу китебинин жана окуу куралдарынын автору. Анын жетекчилиги астында 1 доктордук жана 5 кандидаттык диссертация корголгон.



Лелёвкин В.М.

**Лелевкин Валерий Михайлович** (1944) - 1968-жылдын бүтүрүүчүсү. Физика-математика илимдеринин доктору (1990), профессор (1992). Эл аралык информациялаштыруу академиясынын академиги (1996). Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер (2000).

Фрунзе политехникалык институтунун Теориялык механика кафедрасынын окутуучусу (1968–1975), Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Теориялык физика кафедрасында ага окутуучу, доцент, профессор (1975–1993) болуп эмгектенген. 1993-жылдан тартып Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Физика жана микроэлектроника кафедрасынын башчысы, илимий иштер боюнча проректору болуп иштеп келет.

Теплофизика (жылуулук физикасы) жана молекулалык физика, суюктуктун, газдын жана плазманын механикасы тармагындагы адис.

250дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинде 15 монографиянын, 7ден ашык окуу китебинин жана окуу куралдарынын автору. Анын жетекчилиги астында 15 кандидаттык жана 2 доктордук диссертация корголгон.



Слободянюк В. С.

**Слободянюк Валерий Сергеевич** (1940–2004) - 1965-жылдын бүтүрүүчүсү. Физика-математика илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Физика жана математика институтунун аспирантурасын аяктаган.

Фрунзе политехникалык институтунун окутуучусу, Республикалык жогорку окуу жайлар аралык эсептөө борборунун Колдонмо маселелерди чыгаруунун сандык методдору бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз мамлекеттик университетинин Теориялык физика кафесынын ага окутуучусу, доценти жана профессору болуп эмгектенген.

Теплофизика (жылуулук физикасы) жана молекулалык физика тармагындагы адис.

50дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинде 2 монографиянын, 4 окуу китебинин жана окуу-усулдук куралдардын автору.



Иманалиев Узак Мырзабекович

**Иманалиев Узак Мырзабекович** (1960-ж.) - 1982-жылдын бүтүрүүчүсү. Физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент.

Кыргыз мамлекеттик университетинин теориялык физика кафедрасынын аспирантурасын аяктаган. 1982–1997-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин теориялык физика кафедрасында ага окутуучу жана доцент болуп эмгектенген. 1997–2011-жылдары ошол эле кафедранын башчысы болуп иштеген.

2013-жылдын сентябрь айынан тартып Борбордук Азиядагы Америкалык Борбордук Азия университети (АУЦА) иштеп келет.

Жалпы салыштырмалуулук теориясы жана релятивисттик механика тармагындагы адис.

30дан ашык илимий жана илимий-методикалык эмгектердин автору.



Чечейбаев Байыш Чечейбаевич

**Чечейбаев Байыш Чечейбаевич** (1949–2023) - 1971-жылдын бүтүрүүчүсү. Физика-математика илимдеринин доктору, профессор. Россия Федерациясынын Колдонмо илимдер улуттук академиясынын мүчө-корреспонденти. Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Физика жана математика институтунун аспирантурасын аяктаган (1973–1976).

Фрунзе политехникалык институтунун Теориялык механика кафедрасынын окутуучусу (1971–1973); Кыргыз мамлекеттик университетинин Молекулалык физика кафедрасынын окутуучусу (1976–1981); Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Автоматика институтунун Гидро-аэродинамика лабораториясынын кенже, улук илимий кызматкери (1981–1992); К.И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун Информатика кафедрасынын доценти (1992–1995); Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин Кибернетика кафедрасынын башчысы (1995–1999); Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Теориялык физика кафедрасынын башчысы (2011–2017) болуп эмгектенген.

Суюктуктун жана газдын механикасы тармагындагы адис. 100дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинде 3 монографиянын автору.

# Теориялык физиканын кафедра башчылары:

- ✓ Ф.И. Франкль – 1951-1957-жылга чейин;
- ✓ Т.А. Айтмурзаев – 1957-1961-жылга чейин;
- ✓ А.А. Арынов – 1962-1974-жылга чейин;
- ✓ А.Ж. Жайнаков - 1974-1976-жылга чейин;
- ✓ Т.А. Айтмурзаев - 1977-1978-жылга чейин;
- ✓ Ө.Ш. Шаршекеев - 1979-1997-жылга чейин;
- ✓ У.М. Иманалиев - 1997-2011-жылга чейин;
- ✓ Б.Ч. Чечейбаев - 2011-2017-жылга чейин.

2017-жылдан 2021-жылга чейин кафедра Электроника жана наноэлектроника кафедрасы менен бириктирилген.

2021-жылдан баштап кафедра кайрадан Теориялык жана жалпы физика кафедрасы катары түзүлгөн. Кафедра башчысы болуп Дж. О. Усенканов шайланган.

# Кафедранын кызматкерлери



**Усенканов Джумабай Осмонбекович**
Кафедра башчысы, ф.-м.и.к., доцент



**Урусов Руслан Мухтарович**
ф.-м.и.д., профессор



**Байтереков Алымбек Токоевич**
ф.-м.и.к., доцент



**Кайрыев Нурланбек Жутанович**
ф.-м.и.к., доцент



**Бакирова Элизат Медеткановна**
ф.-м.и.к., доцент



**Толбаева Гульмира Кадыркуловна**
ага окутуучу



**Мурзакулова Илимкүл Чороевна**
ага окутуучу



**Бакирова Нурзат Медеткановна**
ага окутуучу



**Өмүрзакова Айзат Бакытовна**
лаборатория башчысы



**Тынчтыкбек уулу Урмат**
лаборатория башчысы



**Усенканов Джумабай Осмонбекович**
кафедра башчысы,
ф.-м.и.к., доцент

**Физика-математика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер**
**Кыргыз ССРнин Ленин комсомолунун илим жана техника жаатындагы сыйлыгынын лауреаты**
**Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги**

Математикалык формалдаштыруу жана физикалык кубулуштарды компьютердик моделдөө, маалыматтык башкаруу байланыштарын иштеп чыгуу жаатындагы адис.

Кыргыз улуттук университетинин физика факультетинин 1981-жылкы бүтүрүүчүсү. 1991-жылы 01.02.14. «жылуулук физикасы жана молекулалык физика» адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон.

Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий секторунда лаборант (1978-1980); Республикалык ЖОЖдор аралык эсептөө борборунда инженер-программист, ага инженер-программист, бөлүм башчы (1981-1992); Кыргыз мамлекеттик университетинин теориялык физика кафедрасынын ага окутуучусу (1992-1994); «Дастан» технологиялык университетинде кафедра башчысы, проректор (1994-1999);) КР билим берүү жана илим министрлигинин маалыматтык технологиялар институтунун окуу жана илимий иштер боюнча директорунун орун басары(2000-2003; И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетде кафедра башчысы, маалымат технологиялар борборунун директору, Тоо-кен институнун окуу иштери боюнча директорунун орун басары (2003-2017).

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде 2018 жылдан доцент, 2021 жылдан бери теориялык жана жалпы физика кафедрасынын башчысы болуп эмгектенет.

60 да н ашуун илимий эмгектери, монографиялары жарык көргөн. Алардын басымдуу бөлүгү чет өлкөлөрдөн чыккан.

Анын илимий жетекчилиги менен бир кандидаттык диссертация корголгон.



**Урусов Руслан Мухтарович**
ф.-м.и.д., профессор

Физика-математика илимдеринин доктору, профессор.

Төмөнкү температурадагы плазманы математикалык моделдөө жаатындагы адис.

СССРдин 50 жылдыгы атындагы КМУнун физика факультетин аяктаган (1978).

Физика-математика илимдеринин кандидаты (1991), физика-математика илимдеринин доктору (2002), профессор (2008).

100дөн ашык илимий эмгектердин, анын ичинде үч монографиянын автору.

Беш кандидат жана бир физика-математика илимдеринин доктору даярдалган.

Кыргыстан Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги

Кыргыстан Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын эмгек синирген кызматкери

КУУнун дипломдору менен сыйланган.



**Байтереков Алымбек Токоевич**
ф.-м.и.к., доцент

**Байтереков Алымбек Токоевич** (1957) – 1984-жылдын бүтүрүүчүсү. Физика-математика илимдеринин кандидаты. Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Физика жана математика институаспирантурасын аяктаган.

Кыргыз мамлекеттик университетинде кенже илимий кызматкер, илимий кызматкер (1984-1990), Жарым өткөргүчтөр жана диэлектриктер физикасы кафедрасынын окутуучусу, ага окутуучусу (1991-1992), эсептөө физика кафедрасынын ага окутуучусу, доценти (1992-1993), Теориялык физика кафедрасынын доценти (1993-1995) болуп иштеген.

«Дастан» технологиялык университетинин доценти, Жалпы физика кафедрасынын башчысы, экономикалык өнүгүү боюнча проректору (1995-2000) кызматтарын аркалаган. 2000-жылдан тартып Кыргыз улуттук университетинин Теориялык физика кафедрасынын доценти.

Төмөнкү температурадагы плазма физикасы жана атомдук спектроскопия чөйрөсүндөгү адис.

40тан ашык илимий эмгеги, анын ичинде 2 окуу китеби жарык көргөн.



**Кайрыев Нурланбек Жутанович**
ф.-м.и.к., доцент

Электромагниттик толкундун плазма жана ар кандай агрегаттык абалдагы заттар менен жылуулук өз ара аракеттенүүсүн математикалык моделдөө чөйрөсүндөгү адис. СССРдин Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин Физика-техникалык факультетин аяктаган (1994).

Физика-математика илимдеринин кандидаты (2000), доцент (2017).

60тан ашык илимий жана илимий-методикалык эмгектердин, КР жана РФнын ойлоп табууларга болгон патенттеринин, анын ичинде КР Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен жарык көргөн эки монографиянын жана эки окуу куралынын автору. Анын жетекчилиги астында 20дан ашык дипломдук иш корголгон.

Б.Н. Ельцин атындагы КРСУнун Ардак грамоталары, Б.Н. Ельцин атындагы КРСУнун алдындагы сиңирген эмгеги үчүн медалы.



**Бакирова Элизат Медеткановна**
ф.-м.и.к., доцент

**Бакирова Элизат Медеткановна (1983)**. Физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент.

2005-2007жж. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин физика жана электроника факультетинде компьютердик класста оператор кызмат ордунда иштеп баштаган.

2007-2013жж. чейин физика жана электроника факультетиндеги физика-техникалык процесстерди моделдештирүү кафедрасында окутуучусу;

2013-2018-жылдары аталган факультеттин теориялык физика кафедрасында ага окутуучусу;

2018-жылдан азыркы учурда теориялык жана жалпы физика кафедрасынын доценти;

2004-2007-жылдары физика жана электроника факультетинде жаштар комитетинин төрайымы;

2007-жылдан 2019-жылдын сентябрь айына чейин аталган факультетте тарбия иштери боюнча декандын орун басары;

2024-жылдын сентябрынан баштап илимий иштери боюнча декандын орун басары.

Аталган багытта 1 монографиянын, 2 окуу куралынын автору. Э.М. Бакированын 30дан ашык илимий макалалары өлкөбүздөгү жана чет өлкөлөрдөгү (РИНЦ, SCOPUS) илимий журналдарда жарыяланган.

2024-жылы Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын алдынкы 30 окутуучунун рейтингин «Независимая агентство и рейтинга» (**НААР**) жарыялаган эле. Ошол «30 топко» Ж.Баласагын атындагы КУУнун физика жана электроника факультетинен 2 окумуштуусу кирген. Алардын бири - Э.М. Бакирова.

2016 г. – Почетная грамота Муниципальной администрации мэрии города Бишкек по Ленинскому административному району.

2022 г. - Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын Ардак грамотасы.

2023 г. – Почетная грамота КНУ им. Ж. Баласагына;

2024 г. - Почетная грамота Министерства образования и науки Кыргызской Республики.

2026 г. - Ж.Баласагын атындагы КУУнун билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери.

Э.М. Бакирова факультетте Окумуштуулар Кеңешинин мүчөсү, Ж.Баласагын атындагы КУУда илимий техникалык советте мүчөлүк иштерди алып барат.



**Толбаева Гульмира Кадыркуловна**

ага окутуучу

Билими

- 1979-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин (50 жылдык СССР атындагы) физика факультетин бүтүргөн.
- 1985–1988-жылдары М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин катуу заттар физикасы кафедрасында стажёр-изилдөөчү болуп иштеген.

Эмгек жолу

- 1980-жылдан бери Ж. Баласагын атындагы КУУда эмгектенет.
- 1980–1985-жж. - прикладдык математика факультетинде окутуучу.
- 1989-жылдан бери физика жана электроника факультетинде окутуучу, ага окутуучу (1989–2010; 2016–бүгүнкү күнгө чейин).
- 2010–2016-жж. - и.о. доцент.

Илимий жана педагогикалык ишмердүүлүк

- Анын жетекчилиги астында 35тен ашык дипломдук иштер корголгон.
- 45тен ашык илимий-методикалык эмгектин автору, анын ичинде 6 окуу-методикалык колдонмо бар. Эки колдонмо КР Билим берүү жана илим министрлигинин грифине ээ.
- Патентке ээ.

Сыйлыктары

- Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги
- КР Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы.
- Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ардак грамоталары.



**Мурзакулова Илимкүл Чороевна**

ага окутуучу

КМУнун физика факультетин (1987) жана КУУнун аспирантурасын (2025) аяктаган. Теориялык жана жалпы физика кафедрасынын ага окутуучусу. Бир нече илимий публикациялардын жана окуу-методикалык куралдардын автору. «КР билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси, Ж. Баласагын атындагы КУУнун жана КР Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган. «Ж. Баласагын атындагы КУУнун билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери» ардактуу наамынын ээси.

1987-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин физика факультетин аяктаган.

Бир нече илимий макала жана окуу-методикалык куралдар басылып чыкты. «КР билим берүүсүнүн отличниги» төш белгиси, КУУнун ардак грамотасы, КР билим жана илим министрлигинин Ардак грамотасы, «Ж. Баласагын атындагы КУУнун билим берүүсүнө эмгек синирген кызматкери».

Учурда Ж.Баласагын атындагы КУУнун физика жана электроника факультетинин теориялык жана жалпы физика кафедрасынын ага окутуучусу болуп эмгектенет.



**Бакирова Нурзат Медеткановна**
ага окутуучу

**Бакирова Нурзат Медеткановна –** Кыргыз улуттук университетинин физика жана электроника факультетинин 2007-жылкы бүтүрүүчүсү.

Теориялык физика профили боюнча артыкчылык менен магистр физик академиялык даражасын алган (2011-2013).

2011-2016 – Теориялык физика кафедрасынын специалисти.

2016-2023 – Гравитациялык кубулуштарды моделдөө лабораториясынын лаборатория башчысы.

2023-жылдан бери теориялык жана жалпы физика кафедрасынын окутуучусу.

16 илимий эмгектердин жана илим министрлигинин грифи менен жарык көргөн 1 окуу куралы басылып чыкты.

Scopus системасында индекстелүүчү илимий мезгилдүү басылмалардагы Stabilization the electric arc plasma flow by its own magnetic field (2024), Simulation of the Interaction of an Electric Arc with a Weld Pool (2025) илимий макалалары жарык көрдү.

Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ардак грамоталары менен сыйланган.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин теориялык жана жалпы физика кафедрасынын 01.04.14 – «Жылуулук физикасы жана теориялык жылуулук техникасы» илимий адистиги боюнча илимдин кандидаты окумуштуулук даражасынын изденүүчүсү.



**Өмүрзакова Айзат Бакытовна**
Теориялык жана жалпы физика
кафедрасынын лаборатория башчысы
жана физиканын бакалавры.



**Тынчтыкбек уулу Урмат**
Теориялык жана жалпы физика
кафедрасынын лаборатория башчысы
жана физиканын магистри.

# ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ЖАЛПЫ ФИЗИКА КАФЕДРАСЫНЫН МАТЕРИАЛДЫК БАЗАСЫ




| ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ЖАЛПЫ ФИЗИКА КАФЕДРАСЫ | |
|---|---|
| | МЕХАНИКА ЖАНА МОЛЕКУЛЯРДЫК ФИЗИКА ЛАБОРАТОРИЯСЫ |
| 123 | ЛАБОРАТОРИЯ МЕХАНИКИ И МОЛЕКУЛЯРНОЙ ФИЗИКИ |

| ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ЖАЛПЫ ФИЗИКА КАФЕДРАСЫ | |
|---|---|
| | ФИЗИКАЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИ МОДЕЛДӨӨ БОЮНЧА ОКУУ-ИЗИЛДӨӨ ЛАБОРАТОРИЯСЫ |
| 207Б | УЧЕБНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКАЯ ЛАБОРАТОРИЯ МОДЕЛИРОВАНИЯ ФИЗИЧЕСКИХ ПРОЦЕССОВ |

| ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ЖАЛПЫ ФИЗИКА КАФЕДРАСЫ | |
|---|---|
| | ЭЛЕКТР ЖАНА МАГНЕТИЗМ ЛАБОРАТОРИЯСЫ |
| 124 | ЛАБОРАТОРИЯ ЭЛЕКТРИЧЕСТВА И МАГНЕТИЗМА |

 

Теориялык жана жалпы физика кафедрасынын башчысы Усенканов Дж.О. жана окутуучу Бакирова Н.М. «Проблемы оптимизации сложных систем» XX эл аралык азиялык мектеп-семинарына катышуусу.

2024-жылдын 19-30-июлу, Россия (Москва-Новосибирск), Казакстан (Алматы), Өзбекстан (Үргөнч), Кыргызстан (Бишкек).



2023-жылдын 20-сентябрынан тартып 23-сентябрына чейинки Түрк дүйнөсүнүн математиктеринин Бүткүл дүйнөлүк VIIчи конгрессине теориялык жана жалпы физика кафедрасынын башчысы Усенканов Дж.О. жана окутуучу Бакирова Н.М. катышып, илимий докладдар жасалды.

Конгресс Кожо Ахмед Ясауи атындагы эл аралык Казак-Түрк универсетинде өттү.





2025-жылдын 8-нен 14-сентябрына чейин Өзбекстандын Ташкент шаарындагы «Жаңы Өзбекстан» университетинин алдыңкы изилдөөлөр институтунда өткөн «Жогорку энергиялар физикасы, релятивисттик жана өзөктүк (ядролук) астрофизикадагы жаңы тенденциялар» аттуу жайкы мектепке кафедранын доценти Бакирова Э.М. жана магистрант Тынчтыкбек уулу Урмат катышып докладдар жасалды.





# Ж. Баласагын атындагы КУУнун 100 жылдыгына жана Кванттык илим менен технологиялардын 100 жылдыгына карата «Физиканын, табигый илимдердин жана табигый-илимий билим берүүнүн көйгөйлөрү»  Эл аралык конференцияда











Физика жана электроника факультетинин окутуучулары тарабынан, алдыңкы студенттерине стимул берүүчү стипендия тапшыруу учурунда.







# Кафедранын бүтүрүүчүлөрү менен












# Студенттердин педагогикалык практикадан өтүү учуру









